Бекитемин
№17 мектеп-гимназиясы
Омурзакова Д.

**Мектептин стратегиялык өнүгүү планынын.**

ЖОБОСУ

1. МӨПтүн абалын анын функциялануусунун бардык багыттарында реалдуу жана объективдүү баалоо;
2. Белгиленген мөөнөттү мезгилде МӨП жете турган тыянактык натыйжаларды аргументтүү болжолдоо;
3. МӨП пландалган өнүгүүсүнө оңтойлоштурулган ыкмалар жана жолдорду тандоо;
4. МӨП эгерде анын иштелип чыгышында администрация мүчөлөрү, көзөмөлчүлүк кеңеш, ата-энелер комитети. Усулдук кеңеш. МӨП кеңеши, профсоюз комитети жана педагогдор катышкан болсо ийгиликтүү болот;
5. МӨП райондук Билим берүү борборунун перспективалык планын эске алуу менен иштелип чыгат;
6. МӨП мөөнөтү беш жыл;
7. МӨП тесттик же графикалык тармактык формада берилет;
8. МӨП педагогикалык кеңеш тарабынан жактырылып, МӨП кеңеши менен макулдашылып, директор тарабынан бекитилүүгө тийиш жана билим берүүнү башкаруу органы, о.э. ЖОБО менен макулдалышуусу керек.

**МӨПтү калыптандыруунун принциптери:**

1. Мектептин өнүгүүсүнүн перспективасын так жана бирдиктүү көрүү;
2. Бардык окуучулар натыйжага жетишүүсү үчүн бийик стандарарттарды коюу;
3. Мектептеги эффективдүү башкаруу;
4 Ишмердүүлүк жана баарлашуунун жогорку деңгээли-тыгыз командалык ишмердик;
5. Билим берүү боюнча мамлекеттик стандарттын талаптарын эске алуу;
6. Окутуу жана сабак өтүү процесстерин регулярдуу мониторингге алуу;
7. Педагогдордун квалификациясын жогорулатуунун максаттуу, багыттуу программасы;
8. Мектептеги окуу жана ишмердүүлүк үчүн жагымдуу, чоң демилгелүү интеллектуалдык өнүгүү чөйрөсү;
9. Жергиликтүү коомчулуктун жана үй-бүлөөнүн жогорку деңгээлдеги катышуусу.

**МӨП иштеп чыгуунун механизми:**

**МӨП иштеп чыгууда төмөнкүлөрдү эске алуу маанилүү;**

1. Коллектив тарабынан перспективага аныкталган илимий усулдук маселелер жана тапшырмаларды;
2. Пландалган иш-чараларды аткаруунун жогорку эффективдүү жолдору жана ыкмалары;
3. Педагогикалык жамааттын чыныгы жана потенциалдуу ресурстары.

МӨП иштеп чыгуу механизми:

1. Өткөн үч же беш жылдагы ишмердүүлүктүн жыйынтыктары;
2. Мурдагы перспективалык пландын толук көлөмдө аткарылбай калышынын себептери;
3. Педагогикалык жамаат үстүнөн иштей турган маселелер, андан ары негизги тапшырмалар;
4. Балдар жана өспүрүмдөр толук жалпы билим алуу шарттары боюнча маалымдоо.

МӨП иштеп чыгуу механизми:

1. Педагогдордун профессионалдык чеберчилигин өстүрүү боюнча иш-чаралар боюнча;
2. Мектептин ички көзөмөлүн уюштуруу принсиптери боюнча;
3. Педагогдордун профессионалдык даярдыгы, окуучулардын окуу, тарбиясынын сапатын жакшыртуу боюнча;
4. Окуучулар жана кызматкерлердин ден соолугун коргоо жана жашоо-тиричилигинин коопсуздугун коргоо боюнча;
5. Окуу- материалдык базасынчындоо өнүктүрүү иш-чаралары боюнча;
6. Финансы чарбалык ишмердүүлүгү боюнча:

Ченем – укуктук актылар:

1. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси.
2. Кыргыз Республикасынын налог кодекси.
3. КР “Бухгалтердик учёт жөнүндө” мыйзамы;
4. КР республикалык бюджет мыйзамы;
5. КР “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамы;
6. КР “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы;
7. КР “Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө” мыйзамы;
8. КР Өкмөтүнүн токтомдору жана ББИМ буйруктары;

Процесстин катышуучулары – мектеп коомчулугу:

1. Мугалимдер;
2. Администрация персоналы;
3. Окуучулар;
4. Ата-энелер (ата-энелердин ордун алмаштыруучу мыйзамдуу өкүлдөрү);
5. Коомчулуктун жигердүү мүчөлөрү, юридикалык же физикалык жактарды, жумуш берүүчүлөрдү кошуу менен башка катышуучуларды камтыйт.

Коомчулуктун бардык мүчөлөрү маалымат формалары аркылуу жетишкен жыйынтыктар жөнүндө маалымат алуу жеткиликтүүлүгүнө ээ болуусу керек;

МӨП мектеп командасы:

1. Ата-энелер (жалпы чогулушта шайланышат)-3 же 4;
2. Мектеп мугалимдери (Пед кеңешмеде шайланат)-3же4;
3. Мектеп окуучулары (окуучулардын жалпы чогулушу менен шайлаат)-1 же 2;
4. Административдик – башкаруу персоналы-1 же 2;
5. Башка катышуучулар – 1 же 2;
6. Ата-энелердин жана коомчулуктун мүчөлөрү менен мектеп кызматкерлеринин санынын тең болушун камсыздоо маанилүү;

Мектеп командасынын көндүмдөрү:

1. Сандык жана сапаттык маалыматтарды чогултуу жана анализдөө;
2. Башкаруу жана баалоо инструменттерин иштеп чыгуу жана өркүндөтүү (сурамжылоо, анкеталар, пландоо графикалары, матрицалар);

3. Коомчулук жана ата-энелер менен эффективдүү кеңеш берүүлөрдү уюштуруу жана өткөрүү;

4. Балдар менен эффективдүү кеңеш берүүлөрдү уюштуруу жана өткөрүү (өзгөчө эрте жаштагы);

5. Финансылык план жана отчётторду түзүү;

6. Формаларды толтурууда жана планды электрондук түрдө берүү үчүн компьютердик техника, диктофон ж.б. техника менен иштөө.

Жылдык цикл этаптары:

1. Мектептин миссиясын аныктоо;

2. Мектептин өзүн баалоосу;

3. Көйгөйлөрдү аныктоо жана анализ;

4. Максаттарды жана тапшырмаларды коюу;

5. Планды түзүү;

6. Тапшырмалардын аткарылышына жетүү жана учурдагы мониторинг;

7. Жетишилген натыйжаларды баалоо;

Өзүн аныктоо этабы:

Мектеп миссиясын аныктоонун 1- этабы

1. Мектеп миссиясы мектептин өнүгүүсүн маңызын, мектеп кол сунган көрүнүштүн сүрөттөлүшүн көргөзөт.

2. Миссия мүмкүн болушунча кыска, эки-үч сүйлөм менен лозунг формасында туюндурулат.

3. Ал конкреттүү мектептин багытталышын аныктайт, бул себептүү аны иштеп чыгууда педагогдордун, окуучулардын жана алардын ата-энелеринин пикирлерин эске алуу зарыл.

Өзүн аныктоо этабы

Миссияны аныктоо процессинде кийинки суроолорго жооп берүү талап кылышат 2- этап;

1. Мектеп кандай окуучулар контингентине ориентирленген?

2. Кандай билим берүү суроо – талабын канаттандырат?

3. Бул үчүн кандай ресурстар бар?

4. Ой-максатты турмушка ашыруу үчүн кандай ресурстарды алуу керек жана ал канчалык реалдуу?

Бүтүрүүчүнүн модели аныкталат 3- этап:

1. Негизги жана кошумча жалпы билим берүүчү программалардын турмушка ашырылуусу менен камсыздалган билим алуу деңгээли;

2. Билгичтик жана көндүмдөр деңгээли;

3. Бүтүрүүчүнүн ой жоруусунун басымдуулук ыкмасы;

4. Бүтүрүүчүнүн социалдык көндүмдөрүнүн деңгээли;

5. Окуучуда калыптанышы керек болгон артыкчылыктуу сапаттары;

6. II жана III баскычтагы бүтүрүүчүлөрдүн ориентациялык мүмкүндүгү.